## Ош—3000

# ОШТОГУ МАВЗОЛЕЙ

Ош шаарындагы орто кылымдардагы эстеликтерден биздин күндөргө чейин сакталып калган өзгөчө белгилүүрөөгү бул Асаф ибн Бурхиянын мавзолейи болуп эсептелет. Адистердин берген баасына карагандa мавзолей бүгүнкү күндөгү көрүнүшүнө XVIII—XIX кылымдардагы жүргүзүлгөн реконструкциянын жыйынтыгында ээ болгон. Бирок, мавзолей караханиддердин мезгилине мүнөздүү болгон күйгүзүлгөн кирпичтен тургузулган. Асаф ибн Бурхиянын мавзолейинин анчалык алыс эмес жеринде (1976-жылга чейинки урандыларда) караханиддердин Кичик-Мака мавзолейи болгон. Бул Асаб ибн Бурхиянын мавзолей-мазарына өтө турган жолдун кызматын өтөгөн жасалга кире бериш жеринде жарым шар түрүндөгү чатырчаны өзүнө камтыган.

Бул мавзолей жөнүндө Л. А. Зиминдин жазган эмгеги боюнча жыгачтан оюлуп жасалган эки тең бирдей ачылып-жабылма эшик биздин күндөргө чейин сакталбаган, ошол эшиктердин биринде эшикти жасаган устанын ысмы жазылып коюлган экен: Ахмед. Бардык болгон маалымат ушул. Эстеликтин жасалган мезгили жөнүндөгү маалымат курулуш материалдарына жана архитектуралык жасалгалоосуна карап эле салыштырмалуу берилип калган. Мавзолей XI—XII кылымдагы караханиддердин мезгилине таандык. Андан кийин бир канча кайра курууларга тушугуп, XVIII—XIX кылымдарда азыркы кейпке ээ болгон. Уламыштардан улам бул жерге ушул жерлик «ыйык» Асаф ибн Бурхия көмүлгөн деген тыянак келип чыккан.

Асаф ибн Бурхиянын мавзолейи Сулайман тоосунун эңкейишинде башкы фасады түштүк-чыгышка каратылып, чыгыш тараптан орун алган. Мунун чар тарабы 7,3 жана 9,65 метрлик көлөмдө. Ичкү көрүнүшү сегиз бурч менен сүрөттөлөт. Сегиз кырлуу анчалык бийик эмес барабанда жаткан тегиз жабылган чатырдын диаметри 4,4 метрди түзөт.

Мавзолей архитектуралык эстелик катары мамлекеттик коргоого алынган.

Даярдаган: А. МАТИЕВА.